**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРЫНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАЖИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

К.08.17.564 Мамлекеттер аралык диссертациялык кенеши

**Кол жазма укугунда**

**УДК:338.439(575.2)(043.3)**

**Батыр уулу Алтынбек**

# Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору

(Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)

Адистиги 08.00.05. «Экономика жана эл чарбасын башкаруу»
(АӨК тун экономикасы)

**Экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

## АВТОРЕФЕРАТЫ

**Ош-2017**

Диссертациялык иш М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин «Экономикажана бизнес» кафедрасында аткарылган

**Илимий жетекчи:** экономика илимдеринин доктору, профессор

**Токтомаматов Кантөрө Шарипович**

**Расмий оппоненттер:** экономика илимдеринин доктору, профессор
**Зулпукаров Аманкул Зулпукарович**

экономика илимдеринин кандидаты
**Шамшидинов Учкунбек Тухтамуродович**

**Жетектөөчү мекеме**: К.И.Скрябин атындагыКыргыз улуттук агрардыкуниверситети, "Айыл-чарбасынын экономикасы жана ишкердиги"кафедрасы, 720005,Бишкек шаары, Медеров көчөсү 68.

Диссертациялык иш 2017-жылдын 30-ноябрында саат 16-00 дө 30-аудиторияда Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университети, Ош мамлекеттик университети жана Тажик улуттук университеттеринин алдындагы экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинде корголот.Дареги: Кыргыз Республикасы, 715613, Жалал-Абад шаары, Жени-Жок көчөсү, 30.

Диссертация менен Жалал-Абад шаарындагы Эл аралык университетинин илимий китепканасында таанышууга болот.Дареги: Кыргыз Республикасы, 715613, Жалал-Абад шаары, Жени-Жок көчөсү 30.

Автореферат 2017 -жылдын 30-октябрында таркатылды.

**К.08.17.564 мамлекеттер аралык диссертациялык кенешинин окумуштуу катчысы,**
**э.и.к.:** **Іаткеримова А.М.**

## ИШТИНЖАЛПЫМУНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын айыл-чарба жана тамак-аш өнөр жай тармагында сүт өндүрүшү өзгөчө орунду ээлейт.

Сүт өндүрүү тармагы агро-өнөр жай комплексинин өнүгүп келе жаткан тармактарынын бири жана өлкөбүздүн калкынын керектөөсүн практикалык түрдө камсыз кылуу менен бирге экспорттук мүмкүнчүлүгү жогору тармак болуп саналат.

Акыркы жылдары дээрлик бардык аймактарда чийки сүттүөндүрүүнүн деңгээлинин жогорулаганын байкасак болот. Чийки заттарды өндүрүүнүн негизги бөлүгү Чүй облусунда (25,4 %), Жалал-Абад облусунда (20,4%), Ош облусунда (19,9%) жайгашкан.КРдин тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын түзүмүндө сүт өндүрүү 19,3%ды түзөт. Сүт азыктарын ЕАЭБге кирген өлкөлөргө экспорттоого Кыргызстандын 7 ишканасына уруксат берилген.

Сүт азыктарын өндүрүүнүн өзгөчөлүктөрү болуп анын керектөө наркы өндүрүштүн ар түрдүү тармактарына жараша болот. Негизинен сүт өндүрүү айыл-чарбага жана кайра иштетүүөнөр жайына таандык. Айыл-чарбада өндүрүлгөн сүттүн керектөө наркы чийки түрүндө болот да, ар түрдүү максаттарга колдонулат. Атап айтсак дыйкандардын же үй бүлөлүк чарбанын өз керектөөсүнө рынокто сатуу үчүн, өнөр жай ишканаларына кайра иштетүү максатында жиберүү ж.б. Ал эми өнөр жай тармактарында чийки сүт кайра иштетилип, андан ар түрдүү продукциялар өндүрүлөт. Алардын басымдуу көпчүлүгү азык-түлүк товарлары болот. Ал эми кандайдыр бир бөлүгү экономиканын ар түрдүү тармактарында колдонулат.

Жогоруда айтылганга байланыштуу сүт өндүрүүнүн натыйжалуулугу биринчиден сүт азыктарынын кайсыл тармакта өндүрүлгөнүнө жараша болот, экинчиден ошол тармактардагы жетишилген экономикалык натыйжанын жумшалган чыгаша каражаттарынын катышына жараша болот, б.а. канчалык деңгээлде натыйжа максимумга, ал эми чыгаша минимумга умтулса, ошончолук натыйжалуулук жогору болот. Ал эми жалпы сүт азыктарынын айыл-чарбада жана өнөр жайдагы натыйжалуулугу эки тармактагы биргелешип өндүрүлгөн сүт азыктарынын массасына жараша болот, б.а. чийки сүт азыктарына канчалык көп кайра иштетилген товарлар чыкса ошончолук кошумча нарктын көлөмү көбөйөт да, ошончолук коом натыйжаны көп алат. Бирок, өндүрүлгөн сүт азыктарынын натыйжалуулугу аларга коомдогу муктаждыктардын көлөмүнө жана аларга кеткен чыгымдарына да жараша болот.

Экономикалык натыйжалуулук - бул салыштырмалуу түшүнүк, ал эми натыйжалуулуктун абсолюттук өлчөмү эффект деген түшүнүккө ээ. Ошондуктан, натыйжалуулукту өлчөөдө да, салыштырмалуу (мисалы, пайыз, жогору, төмөн, жакшы, начар ж.б.у.с.) көрсөткүчтөр менен өлчөнөт. Ушундай эле натыйжалуулукту аныктоодо базалык көрсөткүчтөр да колдонулат, мисалы, бир эле объекттин ар түрдүү мезгилдеги көрсөткүчтөрү же болбосо бир объекттин ошого окшош объекттин көрсөткүчтөрү менен салыштыруу.

Учурда Кыргызстан рынок шартына өткөндөн бери сүт өндүрүүнүн натыйжалуулугунун теоретикалык маселелери, тактап айтканда, экономикалык натыйжа жана кеткен каражаттарды өлчөө маселелерине ажырым түшүнүктөрү бар. Мисалы, айыл-чарбада сүт өндүрүүдө натыйжа катары өндүрүлгөн сүттүн көлөмүн айтып кетүүдө, ал эми чындыгында натыйжа болуп өндүрүлгөн сүттүн керектөөчүлөргө сатылышы эсептелет. Ушундай эле сүт өндүрүүгө кеткен чыгымдарга айрым чыгымдар, мисалы рынокту изилдөөгө кеткен чыгымдар кошулбайт. Мындан тышкары расмий статистикада натыйжалуулукка тиешеси бар көрсөткүчтөр, мисалы, эмгек өндүрүмдүүлүгү, фонддук же материалдык кайтарымдуулугу ж.б. көрсөткүчтөр колдонулбайт.

Кыргызстандын сүт өндүрүүдөгү практикасы натыйжалуулукка жетишүүдө бир топ олуттуу кемчиликтер менен коштолуп келе жатат, айтсак, чийки сүттөрдүн басымдуу бөлүгү кайра иштетүүгө жиберилбейт да, рынокто чаржайыт багытта сатылып натыйжалуулуктун потенциалын төмөндөтүп келе жатат. Ал эми сүттү кайра иштетүүөнөр жай ишканаларынын материалдык базасы төмөн деңгээлде, б.а. жабдуулардын, механизмдердин, техникалардын заманбап талабына жооп бербестиги, алардын эскиргени сүт өндүрүүдө атаандаштыкты жараткандыгы аныкталды. Бекеринен сүт өндүрүүдөгү жүздөн ашык ишкананын жетиси гана ЕАЭБдин талабына жооп берээрин айтсак болот.

Мына ушунун баары биздин диссертациялык иштин темасын тандоого түрткү болуп, изилдөөнүн максатын жана милдеттерин аныктады.

**Диссертациялык иштин темасынынегизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык илимий изилдөө демилгелүү (инициативдик) болуу менен, иштин темасы Кыргызстандагы жалпы илимий жана мамлекеттик изилдөө программаларына шайкеш келет. Ошондой эле, бул иш 2013-2017- жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, 2020-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын стратегиясы жана 2035-жылга чейинки экономикалык өнүгүүнүн инновациялык модернизациясынын концепциясы менен тыгыз байланышы бар..

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.Изилдөөнүн максаты** болуп Ош облусунун мисалында сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун теоретикалык, усулдук жана практикалык жүзүндө аныктоо саналат.

Бул максатты ишке ашырууда төмөндөгү **маселелерди** чечүү керек:

-сүт өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугунун манызын тактоо;

-сүт өндүрүүдөгү натыйжалуулукту баалоонун методикалык негиздерин аныктоо;

- сүт өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн чет өлкөлүк тажрыйбаларын Кыргызстандын практикасында колдонууну сунуштоо;

-Кыргыз Республикасынын Ош облусунда сүт жана сүт азыктарын өндүрүү жана сатуунун азыркы мезгилдеги абалын талдоо негизинде натыйжалуулукту жогорулатуунун резервдерин аныктоо;

-сүт өндүрүшүндөгү атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруудагы негизги багыттарын сунуштоо;

-сүттү кайра иштетүүчү ишканаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу

жолдорун көрсөтүү;
-региондогу сүт өндүрүүчү экономикалык потенциалын колдонууну жакшыртууну иштеп чыгуу.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде илимий иштин жаңылыгын аныктоочу төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынды:

- автордун чечмелөөсүнө ылайык өндүрүштө натыйжалуулукту жогорулатуу экономикалык ишмердүүлүктүн өзөгүн түзөт жана ошондой эле бул түшүнүктү учурдагы абалга, б.а. рынок мамилелерине ылайыкташтыруу максатында натыйжа, натыйжалуулук, салыштыруу ж.б. түшүнүктөргө тактоо киргизилди;
-сүт өндүрүүдөгү натыйжалуулукту баалоо практикада бир топ көрсөткүчтөр менен өлчөнөт, бирок автордун ою боюнча алар өлчөөнүн тактыгын камсыз кылбайт да, натыйжалуу, жакшыртуу сунуштарын аныктоодо толук жардам бербейт, ошондуктан бул багытта айрым сунуштар айтылат, тактап айтканда натыйжалуулуктун жалпы жана жеке көрсөткүчтөрү сунушталат;
-сүт продукциясын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөөнүн негизинде аларды Кыргызстандын практикасында колдонуу мүмкүнчүлүгү аныкталды;
-сүт өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө жана баалоо аркылуу натыйжалуулукту жогорулатуунун резервдери аныкталды;
- учурдагы сүт өндүрүүдөгү прогрессивдүү тенденцияларга таянып сүт өндүрүүдөгү атаандаштык жөндөмдүлүгүн арттыруудагы негизги багыттар аныкталды;
- сүт өндүрүүдөгү натыйжалуулукту камсыз кылуудагы өнөр жай ишканаларынын ролун жана маанисин эске алуу менен бул тармактагы натыйжалуулукту камсыз кылуучу инновациялык интенсивдик жана технологиялык жолдор иштелип чыкты;
-ЕАЭБге интеграциялоо шартында Кыргыз Республикасында сүт өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн келечеги сунушталды.

**Иштин практикалык баалуулугу**. Изилдөөнүн жыйынтыгынын практикалык баалуулугу Ош облусунда жана башка аймактарда сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктоодо жана талдоодо колдонулушу менен аныкталат. Диссертациянын негизги методикалык жана практикалык жоболору экономика адистиги боюнча кадрларды даярдоодо жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы», "Макроэкономика", "Маркетинг" предметтеринде колдонсо болот.

**Изилдөөнүн экономикалык баалуулугу.** Изилдөөдө азыркы илимдин регионалдык экономикага тийгизген таасири жөнүндөгү теориясын жана методологиясын өнүктүрөт, аналитика апаратын кеңейтет. Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар өндүрүштү башкаруунун аймактык алкагында экономикалык механизмдердин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

Изилдөөдөгүөндүрүшкө болгон регионалдык башкаруу модели, ишкердикти модернизациялоону жана өзгөрүүлөрдү изилдөөдө комплекстүү кароого мүмкүнчүлүк берет.

Ошондой эле изилдөөдө алынган илимий натыйжаларды жүзөгө ашырууну, келечекте өндүрүштү башкарууну терендетүүдөгү инфраструктуранын өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды тартууда жана интеграциялык долбоорлорду ишке ашырууда колдонсо болот.

**Диссертациянын коргоого сунушталган негизги жоболору:**

- Сүт өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен сүт продукциясын өндүрүү жана сатуунун натыйжалуулугунун автордук көз карашы сунушталды;

-сүт продукциясын өндүрүүнүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрүн өлчөөнүн методикасы ага таасир этүүчү факторлорду эске алуу менен өркүндөтүлдү;

- Ош областында сүт өндүрүшүн өнүктүрүүүчүн кооперативдерди жана сүт кластерин түзүүнүн багыттары жана уюштуруу механизмдери аныкталды;

- сүт өндүрүшүндөгү илимий техникалык прогресс жана инновацияны эске алуу менен сүттү кайра иштетүүчү ишканаларда чыгымдарды башкаруунун өркүндөтүлгөн жолдору аныкталды;

-ЕАЭБга интеграциялоо шартында Кыргыз Республикасында сүт продукциясынын экспортук потенциалы сунушталды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун аныктоонун теориялык жана практикалык жолдору жалпыланды. Теориялык жалпылоо жана комплекстүү анализдин негизинде өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору иштелип чыкты, сүт өндүрүшүндөгү катышуучулардын кооперациясын жакшыртуу, аймакта сатуу ишмердүүлүгүн өркүндөтүү максатында заманбап талаптарга жооп берген сүт кластерин түзүү сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыгын апробациялоо.** Иштелип чыккан сунуштар жана көрсөтмөлөр Ош облусунун айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрүтарабынан продукциянын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында практикалык колдонууга кабыл алынды. Ош облусундагы сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча, айыл чарбалык, кайра иштетүүчү жана тейлөөчү ишканалардын ортосундагы экономикалык өз ара мамилелерди жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөр Ош облустук мамлекеттик администрациясынын регионалдык өнүктүрүү бөлүмүндө «Ош областынын 2020-жылга чейинки айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү Программасын» түзүүдө колдонулду. Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору эл аралык, республикалык жана регионалдык илимий-практикалык конференцияларда билдирүү жасалып, талкууланган жана илимий журналдарда жарык көргөн.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациянын негизги мазмуну, теориялык тыянактары жана илимий-практикалыксунуштары изилдөөчүнүн 11 илимий макалаларында жарыяланган. Алардын арасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясы тарабынан сунушталган илимий журналдарда жарыяланган макалалар, Россиядагы

илимий цитаталарга ээ болгон журналдарда жарык көргөн жана ушундай эле статустагы Ата Мекендик илимий журналдарда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, 3 бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган илимий адабияттардын тизмегинен турат. Диссертациялык жумуш компьютердик текст менен жазылган 184 беттен туруп, 33 таблицаны, 13 сүрөттү жана 108 колдонулган адабияттардын тизмесин камтыйт.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, максаты, ага коюлган милдеттер, илимий жаңылыктар, изденүүчүнүн жеке салымы, жумуштун практикалык жана экономикалык баалуулугу жана коргоого алып чыгуучу жоболор көрсөтүлгөн.

**Изилдөөнүн "Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун теориялык-методологиялык негиздери"** деп аталган**биринчи бөлүмүндө**сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун экономикалык маңызы, сүт өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун баалоонун методологиялык негиздери жана сүт өндүрүшүнүн өнүгүүсүнүн чет өлкөлүк тажрыйбалары каралган.

Сүт өндүрүшүнүн бардык өндүрүштүк циклин үч өз ара байланышкан стадияларга бөлсөк болот:

-Чийки сүт өндүрүү;

- Чийки сүттү сатып алуу (даярдоо), кайра иштетүү;

-Сүттү чийки жана кайра иштетилген түрүндө сатуу.

Аталган стадиялар сүт өндүрүшүнүн функционалдык-тармактык түзүмүн түзөт жана өндүрүштүк ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүнө кирүү менен, керектөө наркын түзүү процессин жана аны сатууну камтыйт (1-сүрөт).




1- сүрөт. **Сүт өндүрүшүнүн функционалдык-тармактык түзүлүшү**
* Жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн

Жогоруда келтирилген сүрөттөгүөндүрүштөрдө ар түрдүү менчиктеги жеке ишкерлер, чарбалар, ишканалар ж.б. уюштуруу формадагы өндүрүштү алып баруучу ар бир субъекттин натыйжалуулугу өз алдынча аныкталышы керек, себеби ар бир чарба натыйжалуулукка жетүүүчүн өздөрүнүн гана аракетине таянат. Бул деген, мисалы, айыл чарбадагы ишкана өндүрүштүн натыйжалуулугун аныктоодо өндүрүлгөн товарларды сатуу менен аныктайт да, ал товарлардын андан аркы тагдыры менен (мисалы, кайра иштетүүдөгү) иши болбой калат. Ушундай эле өндүрүштүк ишкана өзүнүн продукциясын сатканга чейинки гана мезгилин камтыйт, экономиканын башка тармактары (мисалы, соода, жүк ташуу ж.б.) ушул эле принципте иштешет, ал эми жалпы аймактын натыйжалуулугун чыгарганда бир аз башка принциптер колдонулат.

Коомдук өндүрүштүн жыйынтыгы улуттук киреше катары таанылат. Стабилдүү чыгымдар менен аны максималдуу көбөйтүү коомдук өндүрүштүн кызыкчылыгына жана максатына туура келет.

Өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугун эсептөөдө алымында - өндүрүштүн жыйынтыгы – улуттук киреше (УК), дүң ички продукт (ДИП), ал эми бөлүмүндө- жалпы чыгымдар кабыл алынган. Затташтырылган жана жандуу эмгектин чыгымдары жалпы коомдук чыгымдарды түзөт. Акыркысы затташтырылган эмгектин авансталган чыгымдарынан турат. Жандуу эмгектин чыгымдары ДИПди түзүүчү эмгек чыгымдарын түзөт.

Коомдук өндүрүштүн экономикалык натыйжалуулугу коомдун өнүгүүсүнүн жыйынтыктоочу көрсөткүчү болуп эсептелет. Ошондуктан өндүрүштүн натыйжалуулугун үйрөнүүдөөлкөнүн калкынын материалдык, акыл-ой жана социалдык керектөөсүн толугу менен камсыз кылуунун негизи катары дайыма чоң көңүл бурулган. Коомдун өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга умтулуусу мыйзам ченемдүү мүнөзгө ээ.

Экономикалык натыйжалуулук менен бирдикте башка натыйжалуулуктарды атасак болот, мисалы технологиялык натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрү катары: түшүмдүүлүк жана продуктуулук, эмгек чыгымынын бирдигине 1 га, продуктылык малдын 1 башына эсептелген пайда, продукциянын бирдигин биоэнергетикалык баалоо жана сатуунун баасы кирет.

Технологиялык натыйжалуулуктун көрсөткүчтөрүн айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн ар түрдүү технологияларын колдонуунун салыштырмалуу баалоодо алардын жогорку эмгек өндүрүмдүүлүгүн аныктоо, жумшалган чыгымдарды актоо максатында колдонушат.

Социалдык натыйжалуулук социалдык өнүгүүнүн деңгээлин, шаардык жана айылдык социалдык инфраструктуранын нормативдик деңгээлине жетүү даражасын мүнөздөйт. Ал айыл жергесинде жамааттын социалдык өнүгүүсү, айылдык калк пункту менен байланышкан. Социалдык натыйжалуулук көбүнчөөндүрүштүн жана инфраструктуранын социалдык элементтеринин жыйындысын түзүү шартында айыл-чарба ишканаларынын экономикалык потенциалынан көз каранды жана квалификациялуу адистерди камсыз кылган.

Экологиялык натыйжалуулук жаратылыш чөйрөсүн сактоонун даражасын, жаратылыш ресурстарын иштетүү деңгээлин, продукциянын экологиялык сапатын жана калктын тамактануу чөйрөсүн мүнөздөйт.

Биздин оюбузча жогоруда айтылгандарга кошумча иретинде ар кандай натыйжалуулукту аныктоодо муктаждыкты канааттандыруу деңгээлин жана ага кеткен каражаттын катышын айтсак да болот.

Ушуга байланыштуу экономикалык натыйжалуулуктун көлөмү рыноктогу конъюнктурага, башкача айтканда баалардын өзгөрүүсүнө, сунуштардын жана талаптардын катышына жараша болгондуктан, ар бир ишкана же жеке чарбадагы, фермалардагы көрсөткүчтөр рыноктогу абалды эске алуу менен өлчөнүшү керек.

Экономикалык натыйжалуулук өндүрүш каражаттарын жана жандуу эмгекти колдонуудагы аяктоочу эффекти (жыйынтыкты) көрсөтөт. Натыйжалуулук татаал экономикалык категория катары өндүрүштүн максатын чагылдыруучу формасы болуп саналат.

Биздин дагы бир оюбуз боюнча сүт азыктарын өндүрүүнүн, сатуунун, керектөөнүн натыйжалуулугу кирешенин жана ресурстардын айлантмасына жараша болот, анткени сүт азыктары башка товарлардай эле коомдо товар чыгаруу, жумушчу күчү жана ресурс рыногу, үй чарбасындагы керектөө айлантмасына дуушар болот.Булардын бардык этаптарында мамлекеттик органдардын, өзгөчө салык жыйноо, бизнеске колдоо көрсөтүү, кредиттик системалар ж.б. менен байланыштарын дагы эске алуу керек. Мына ушундай толук мүнөздүү айлантмадан кийин гана экономикалык натыйжалуулукту аныктоого жана аны жогорулатуунун жолдорун иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Дагы бир белгилеп кете турган нерсе бул сүт продукцияларына тиешелүү жыйынтык катары, биздин оюбузча, тонна, килограмм же сом түрүндө алынган продукциянын көлөмү эмес, өндүрүлгөн, сатылган жана керектөөчүгө жеткирилген продукциянын саны эсептелет. Бул сунуш рынок абалы менен толугу менен дал келет, себеби рынокто сунуш менен талаптын, сатуучу менен сатып алуучунун белгилүү баа менен макулдашуусуна жетишүү маанилүү болуп саналат.

Сүт өндүрүүдөгү натыйжалуулукту жогорулатууда чет өлкөлүк тажрыйбаларды колдонуу жана аларды биздин республиканын шартына ыңгайлаштыруу учурда чоң мааниге ээ.

Чет өлкөлүк тажрыйбаларга таянсак, биринчи иретте фермерлер өзүнүн аймагында завод-монополисттер менен атаандаша алышат, себеби мындай мини өндүрүштөр ири заводдорго салыштырмалуу аз чыгымдарды талап кылат. Бул чийки заттарды алып келүү чыгымдары, жумушчулардын эмгек акысы ж.б. менен байланышкан. Ошондой эле фермерлер өздөрүнүн менчик чийки затын ортомчулардын катышуусусуз кайра иштете алышат. Ушундан улам биздин республикадагы эн чоң көйгөйлөрдүн бири болуп айыл-чарбасында болобу, өнөр жай же соодада болобу ортомчулардын чыныгы ордун аныктоо жана ошого натыйжалуу байланыштарды түзүү. Биздин оюбузча, бул багытта бизде системдик түрдө мүчүлүштүктөр орун алган, тактап айтканда сүт өндүрүүчү, дыйкан же фермердик чарбалар менен өнөр жай, кайра иштетүү ишканаларынын ортосунда байланыш таптакыр үзүлүп, алардын ордун чаржайыт ортомчулар ээлеген.

Ортомчулардын жүргүзгөн жумуштары анархиялык мүнөзгө ээ болгондуктан жана алардын көпчүлүгү расмий статистикадан тышкары болгондуктан, баа маселелери, ортомчулук кызмат көрсөтүүнүн акысы ж.б. мыйзамдан тышкары болуп экономикалык өсүүдө терс таасирлерин берүүдө.

Жогоруда айткандан улам айыл-чарбадагы ишканалар менен өнөр жай ишканалардын ортосундагы чарба байланыштарын цивилдүү түрдө учурдагы талапка ылайык түзүү эң маанилүү маселелерден болуп саналат.

Чет өлкөлүк тажрыйбалардын бизге таасир бере турган дагы бир позитивдүү көрүнүшү- сүт өндүрүүчүлөрдү бириктирип эле калбастан, чоң компанияларды, кооперативдерди, дегеле максаттары туура келе турган сүт өндүрүүчү түзүмдөрдү бириктирип, жер ресурстарын, техниканы, материалдык ресурстарды оптималдуу түрдө бириктирип, сүт өндүрүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу. Мындай чараларга биздин өлкөөтө муктаж. Учурда миңдеген Д(Ф)Ч өз алдынча бири бири менен байланышпаган чарбалык иштерди жүргүзүп жатканда жогорудагы айтылган сунуш эң актуалдуу көйгөй болот деп ойлойбуз.

**Изилдөөнүн экинчи бөлүмү "Кыргыз Республикасынын Ош областында сүт жана сүт азыктарын өндүрүү жана сатуунун азыркы мезгилдеги абалы"** деп аталып, сүт өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө жана баалоого, сүт азыктарын кайра иштетүү жана сатуу чөйрөсүнүн абалын анализдөөгө, сүт өндүрүшүндөгү интеграциялоонун абалын жана аны өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүгүн аныктоого арналган.

Айыл-чарбасынын көпчүлүк бөлүгүн жогоруда айтылгандай мал чарбачылыгы түзөт. Мал чарбачылыгы Кыргызстандын айыл-чарбасынын маанилүү компоненти болуп саналат. Малдарды жана алардан алынган сырьелор: тери, жүн жана сүттү экспорттоого жана аны көбөйтүүгө мүмкүнчүлүктөр бар. Кыргызстанда өндүрүлгөн сүт Түштүк Казахстандын сүттү кайра иштетүү ишканалары үчүн сырьелук булак катары эсептелет.

Акыркы 5 жылда сүттүн бардык түрү боюнча өндүрүш динамикасы 10,3 %га, анын ичинде уйдун сүтү10,9 %гаөстү. Жалпы сүттүөндүрүү боюнча уйдун сүтүнүн салыштырмалуу салмагы 97,7 %, эчкиники- 0,1%, бээнин сүтү-2,2 % ды түздү (1-табл).

1–таблица-**Кыргыз Республикасында сүттүн түрү боюнча өндүрүүнүн динамикасы,** ( мин т.)

| **Аталышы** | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2014-ж.** | **2015-ж.** | **2016-ж.** | **2016-ж.. 2012-ж. карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы сүт | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 | 1524,6 | 110,3 |
| Уйдун сүтү | 1342,8 | 1374,1 | 1410,6 | 1450,7 | 1490,3 | 110,9 |
| Эчкинин сүтү | 5,9 | 3,4 | 3,3 | 2,3 | 2,2 | 37,3 |
| Бээнин сүтү | 33,7 | 30,7 | 31,6 | 28,1 | 32,1 | 95,2 |

Булак:*Сельское хозяйство Кыргызской Республики – Бишкек: Нацстатком, 2017*

Сүт өндүрүшү сүт азыктарын өндүрүү, даярдоо, сактоо, кайра иштетүү, сатуу жана транспорттоо менен тыгыз байланышкан жана Ош областындагы АӨК түн маанилүү тармагы болуп саналат. Область республикада өндүрүлгөн сүттүн 19,9 % өндүрөт (2-табл).

2-таблица- **Кыргыз республикасында чийки сүттүөндүрүүнүн динамикасы,** ( мин т.)

| **Аймактар** | **2012-ж.** | **2013-ж.** | **2014-ж.** | **2015-ж.** | **2016-ж.** | **2016-ж.. 2012-ж. карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Республика боюнча баары | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 | 1524,8 | 110,3 |
| Баткен областы | 93,5 | 94,5 | 95,5 | 96,3 | 96,3 | 102,9 |
| Жалал-Абад областы | 279,0 | 286,7 | 298,3 | 306,6 | 311,2 | 111,5 |
| Ысык-Көл областы | 187,2 | 192,0 | 200,6 | 208,6 | 218,5 | 116,7 |
| Нарын областы | 117,2 | 117,7 | 117,7 | 120,4 | 123,4 | 105,3 |
| Ош областы | 275,2 | 280,2 | 286,8 | 292,7 | 303,5 | 110,3 |
| Талас областы | 75,6 | 76,3 | 77,0 | 76,2 | 76,2 | 100,8 |
| Чүй областы | 347,4 | 353,2 | 361,9 | 372,5 | 388,1 | 111,7 |
| Бишкек шаары | 0,5 | 0,9 | 0,9 | 0,8 | 0,6 | 120,0 |
| Ош шаары | 6,6 | 6,7 | 6,8 | 6,9 | 7,0 | 106,1 |

Булак:*Сельское хозяйство Кыргызской Республики – Бишкек: Нацстатком, 2017*

2-таблицадан акыркы жылдары дээрлик баардык областтарда чийки сүттүөндүрүүнүн деңгээлинин жогорулаганын байкасак болот. Чийки заттарды өндүрүүнүн негизги бөлүгү Чүй областында (25,4 %), Жалал-Абад областында (20,4%), Ош областында (19,9%), Ысык-Көл областында (14,3 %) жайгашып, өндүрүүнүн динамикасы боюнча Ысык-Көл областында 16,7 %га, Чүй областында 11,7%, Жалал-Абад областында 11,5% , ал эми Ош областында 10,3 %га өсүү темпи аныкталды.

Ал эми Ош областынын райондору боюнча чийки сүттүөндүрүүнүн динамикасы төмөнкүдөй (3-табл).

3-таблица-**Ош областынын райондорундачийки сүттүөндүрүүнүн динамикасы,** ( мин т.)

| **Райондор** | 2012-ж. | 2013-ж. | 2014-ж. | 2015-ж. | 2016-ж. | 2016-ж.. 2012-ж. карата, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Областьбоюнча баары | 275,2 | 280,2 | 286,8 | 292,7 | 302,4 | 109,8 |
| Араван | 27,9 | 28,5 | 29,2 | 30,3 | 31,3 | 112,2 |
| Кара-Суу | 85,8 | 86,6 | 88,0 | 89,8 | 94,1 | 109,7 |
| Өзгөн | 58,2 | 60,0 | 61,4 | 62,7 | 63,3 | 108,7 |
| Ноокат | 42,5 | 42,9 | 43,9 | 44,3 | 45,4 | 106,8 |
| Кара-Кулжа | 27,9 | 28,9 | 30,0 | 31,2 | 32,3 | 115,7 |
| Алай | 23,4 | 23,7 | 24,4 | 24,6 | 25,9 | 110,7 |
| Чон-Алай | 9,5 | 9,6 | 9,8 | 9,8 | 10,1 | 106,3 |

Булак:*Социально-экономическое развитие Ошской области за 2012-2016 г. – Ош: Ошское областное управление госстатистики, 2017.*

3-таблицадан акыркы беш жылда дээрлик баардык райондордо сүт өндүрүүнүн денгээлинин жогорулаганын байкасак болот.
Сүт өндүрүү боюнча жалпы областта өндүрүлгөн көлөмдөн Кара-Суу районунда 31,1 %, Өзгөндө 20,9 %, Ноокатта -15,0 %, Кара-Кулжада- 10,7 %, Араванда-10,3 %, Алайда-8,5 %, Чон-Алайда-3,3 % үлүштү түзүштү.
Сүт өндүрүүдөгү жогорудагы кырдаал, албетте, тарыхый мааниге ээ, себеби сүт өндүрүүчүлүк татаал чарбачылыкка кирет да, калктын кесиптик тажрыйбаларына, жаратылыштык ыңгайлуулукка, инфраструктуранын деңгээлине, материалдык базаларга ж.б. нерселерге көз каранды.Бул жагынан караганда кээ бир райондордун потенциалдарын дагы белгилеп кетүү керек. Мисалы, Алай районунун сүт өндүрүүчүлүк потенциалы чоң, бирок инфраструктуранын башка райондорго караганда акыбалы начар болгондуктан, ушундай көрүнүштөрдүн орун алышы байкалат.
Сүт өндүрүшүнүн көлөмү саан уйлардын санына жана анын өндүрүмдүүлүгүнө жараша болот.Төмөнкү таблицада аймактар боюнча уйдун саны жана бир уйдан саалган орточо жылдык сүт көрсөтүлөт (4-табл.).

4-таблица-**Аймактар боюнча уйдун саны жана бир уйдан саалган орточо жылдык сүт** [59].

| **Аймактар** | **Аймактар боюнча уйдун саны ( миң баш)** | | | **Бир уйдан саалган орточо жылдык сүт (кг)** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012-ж. | 2016-ж. | 2016-ж. 2012-ж.карата, % менен | 2012-ж. | 2016-ж. | 2016-ж. 2012-.карата, % менен |
| Республика боюнча баары | 699,3 | 769,8 | 110,0 | 2023 | 2002 | 98,9 |
| Баткен областы | 63,0 | 65,3 | 103,6 | 1489 | 1476 | 99,1 |
| Жалал-Абад областы | 146,8 | 166,8 | 113,6 | 1942 | 1913 | 98,5 |
| Ысык-Көл областы | 97,1 | 110,3 | 113,6 | 2083 | 2048 | 98,3 |
| Нарын областы | 72,1 | 74,3 | 103,0 | 1570 | 1525 | 97,1 |
| Ош областы | 160,2 | 180,8 | 112,8 | 1753 | 1720 | 98,1 |
| Талас областы | 33,4 | 33,3 | 99,7 | 2265 | 2272 | 100,3 |
| Чүй областы | 121,8 | 134,2 | 110,2 | 2883 | 2899 | 100,5 |
| Бишкек шаары | 0,6 | 0,4 | 66,7 | 1557 | 1555 | 99,8 |
| Ош шаары | 4,1 | 4,4 | 107,3 | 1642 | 1641 | 99,9 |

Булак:*Кыргызстан в цифрах – Бишкек: Нацстатком, 2017*

4-таблицадан республиканын областтарынын ичинен аймактар боюнча уйдун саны боюнча Ош областы (23,4 %), андан кийинки үлүштү Жалал-Абад областы (21,6 %) ээлегендигин байкасак болот, өсүү темпи боюнча Бишкек шаары 33,3 % аз болсо, ал эми Ош областы 12,8 % га көп болду. Бир уйдан саалган орточо жылдык сүттү анализдөөдө алдынкы орунду Чүй жана Талас областтарын атап өтсөк болот. Бул көрсөткүч аталган областтарда сүт берүүчү уйлардын асыл тукумдуулугу менен байланышкан.
Сүт азыктарын өндүрүүдө негизги ролдорду өнөр жайдагы сүттү кайра иштетүү жана сүттөн ар түрдүү азыктарды жасоо ишканалары да ойнойт.

Республикада сүттүөндүрүштүк кайра иштетүү ишканаларынын көпчүлүгү Чүй өрөөнүндө жайгашып, жогорку технологиялык жабдуулар менен камсыз болгон. Өнөр жай ишканаларынын долбоордук кубаттуулугунун талабына ылайык өнөр жайлык кайра иштетүүдө сүттүн орточо суткалык эсептик керектөөсү 1670 тоннаны түзөт.

Ушул эле учурда Ош облусунун сүттү кайра иштетүү тармагынынкөйгөйлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- кайра иштетүүүчүн чийки сүттүн жетишсиздиги;
- чийки заттын сапатынын төмөндүгү;
-сүттү чогултуу үчүн ачык айкын инфраструктуранын жоктугу;
-көмүскө айлануу;
-тармакты мамлекеттик колдоонун жоктугу;
-чийки затты сатып алуу-сатууну жүргүзүүүчүн юридикалык контрагенттердин жоктугу.

Учурда Ош облусу менен Ош шаарында 6 сүттү кайра иштетүүчү ишканалар бар.Алар төмөнкүдөй сүт азыктарын чыгарат (5- табл.).

5–таблица-**Ош облусунун жана Ош шаарынынсүттүөнөр жайлык кайра иштетүүчү ишканалары, 2017-жылдын 1-январына карата**

| **Ишканалар же жеке ишкерлердин аталышы** | **Катталуу мөөнөтү** | **Адистештирүүлүсү** |
|---|---|---|
| «Ош сүт» ААК | 27.05.2010 | Бүтүндөй сүттөн гана жасалган продуктылар |
| «Алай Актык» ЖЧК | 02.09.2010 | Бүтүндөй сүттөн гана жасалган продуктылар |
| «Бай-Суу« ЖЧК | 08.05.1997 | Кургак сүт |
| «Оржемиль» ЖЧК | 23.11.2006 | Сметана, кефир, майлуу быштак |
| «Ош сүт» ААК | 08.03.1996 | Сметана, кефир, майлуу быштак |
| «Жети Баатыр» ЖИ | 07.04.2007 | Сметана, кефир |

Булак:*Ош областтык жана шаардык статистика башкармалыктары*

Тилекке каршы, Ош облусунун жана Ош шаарындагы сүт азыктарын кайра иштетүү ишканаларынын бирөө дагы ЕАЭБге кирген өлкөлөргө экспорттоого уруксат алган эмес.Демек, облус жана шаардын экспорттук потенциалы өтө төмөнкү деңгээлде экендигин аныктайт.

Сүт азыктарын өндүрүүчүөнөр жай ишканаларынын натыйжалуулугу башка ишканалар сыяктуу эле финансылык көрсөткүчтөр менен аныкталат. Ош облусунда сүттү кайра иштетүү боюнча сырьелук база бар жана аны өнүктүрүүдө мамлекеттик органдар колдоо көрсөтүп, чет элдик жана ата-мекендик инвесторлорду тартыш керек. Ал үчүн кайра иштетүү тармагындагы негизги экономикалык көрсөткүчтөрдүн абалына баа берүү менен аны иш жүзүнө ашырууга негиз бар экендигин белгилеп кетсек болот. Ошондой болсо дагы айтып кетүүчү нерсе бул Ош областы жана Ош шаары боюнча сүт азыктарын өндүрүүчү ишканаларда чыгарылган продукциялардын ассортиментинин чектелген гана түрүнүн өндүрүлүшү жана ишканалардын

санынын аздыгы, Кара-Суу районунан башка райондордо сүттү кайра иштетүү ишканалардын жоктугу бул тармакка көңүл бурулбагандыгын айгинелеп турат. Ушул эле учурда акыркы жылдары сүт өндүрүүчү кээ бир ишканалардын активдүүлүгүнүн өсүп жатканын байкасак болот(6-табл.).

6-таблица-**Ош областы жана Ош шаарындагы кээ бир сүт азыктарын өндүрүүчү ишканалардын 2012-2016-жылдарга карата финансылык-экономикалык көрсөткүчтөрү**(мин. сом.)

| **Көрсөткүчтөр** | **«Бай-Суу« ЖЧК** | | | **«Оржемиль» ЖЧК** | | | **«Жети Баатыр» ЖИ** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2012-ж** | **2016-ж** | **2016-ж2012-ж. карата, % менен** | **2012-ж** | **2016-ж** | **2016-ж2012-ж. карата, % менен** | **2012-ж** | **2016-ж** | **2016-ж2012-ж. карата, % менен** |
| Жумушчулардын саны, адам. | 9 | 8 | 88,0 | 6 | 9 | 150,0 | 11 | 12 | 109,0 |
| Продукцияны сатуудан түшкон киреше | 320,4 | 291,3 | 90,0 | 1824,1 | 2687,0 | 147,0 | 3591,4 | 4114,6 | 114,0 |
| Жалпы чыгымдар | 465,9 | 371,2 | 79,0 | 1495,6 | 2185,8 | 146,0 | 3052,5 | 3512,9 | 115,0 |
| Пайда (зыян) | -145,5 | -71,7 | 49,0 | 328,5 | 571,6 | 174,0 | 538,9 | 601,7 | 111,0 |
| Материалдык чыгымдар | 320,5 | 287,8 | 89,0 | 1046,9 | 1591,5 | 152,0 | 2136,4 | 2789,3 | 130,0 |
| Эмгек төлөмү | 81,0 | 56,2 | 69,0 | 701,0 | 982,2 | 140,0 | 1012,4 | 1114,4 | 110,0 |
| Соц.фондго чегерүүлөр | 21,4 | 13,1 | 61,0 | 134,7 | 223,6 | 165,0 | 253,1 | 283,2 | 111,0 |
| Дебитордук карыздар | 21,3 | 19,1 | 89,0 | 174,0 | 293,0 | 168,0 | 110,0 | 98,0 | 89,0 |
| Кредитордук карыздар | 32,3 | 21,4 | 66,0 | 265,1 | 324,5 | 122,0 | 156,9 | 121,8 | 77,0 |

Булак: *Ишканалардын финансылык отчету боюнча жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн*

6-таблицадан сүт азыктарын кайра иштетүүчүүч ишкананын экономикалык көрсөткүчтөрүн анализдөөнүн жыйынтыгында кургак сүт өндүрүүчү «Бай-Суу« ЖЧК нын көрсөткүчтөрүнүн төмөндөгөнүн, ишкана зыянга учураганын, ал эми «Оржемиль» ЖЧК жана «Жети Баатыр» ЖИ ишканаларынын көрсөткүчтөрүнүн бир кыйла жогорулаганын байкасак болот.

Сүт азыктарын өндүрүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылууда интеграциялык, б.а. айылчарбасы менен өнөр жайдын, ал эми өнөр жай менен сооданын жана алардын тышкы рынок менен байланыштарынын чоң мааниге ээ экендигин белгилөө керек.

Биздин изилдөө көрсөткөндөй, тилекке каршы, Ош областынын практикасында кооперациянын деңгээли жана ст азыктарын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатуунун техникалык байланышы өтө төмөн.

Ушул эле учурда интеграциянын дагы бир түрү болупсүт азыктарын керектөөчүлөргө жеткирүү багытында соода жана транспорт ишканалары менен интеграциясы болуп эсептелет. Ошондо бул чийки сүт өндүрүүдөн тартып өнөр жай ишканаларында чийки сүттү кайра иштетүү жана даяр товарларды инфраструктура тармактары аркылуу соода түйүндөрүнө жеткирүү жана андан ары керектөөчүлөргө сатуу болуп эсептелет. Муну биз «жабык» цикл катары, б.а. чийки сүт өндүрүүчүлөрдөнсүт азыктарын керектөөчүлөргө чейинки айлантмасын атайбыз.

Жогоруда айтылгандан дагы татаал жана жогорку денгээлдеги интеграция болуп бул тышкы чөйрөгө сүт азыктарын чыгаруу же болбосо тышкы чөйрөдөн сүт азыктарын алуу болуп эсептелет. Мындай кыймылдарды биздин өлкө эл аралык өз ара мамилелер аркылуу, ар кандай эл аралык уюмдардын мүчөсү катары аткара алат, тактап айтсак Кыргызстан 1997-жылдан бери БСУнун мүчөсү, ал эми 2015-жылдын августунан баштап ЕАЭБге киргенден бери эң жок дегенде төрт түрдүү экономикалык эркиндикти камсыз кылууга жетиштик.Аларды атап кетсек, жумушчу күчүнүн, капиталдын, товарлардын, экономикалык кызматташуу эркиндигине жеттик.Мына ушундай кызматташтыкта сүт азыктарын тышка чыгаруу жана аларды импорттоо маанилүү ролду ойнойт.

**Изилдөөнүн үчүнчү бөлүмү“Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору”** деп аталып,андасүт өндүрүшүндөгү атаандаштык жөндөмдүүлүгүн арттыруудагы негизги багыттар, сүттү кайра иштетүүчү ишканаларынын натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору, региондогу сүт өндүрүүнүн экономикалык потенциалын колдонууну жакшыртуу каралды.

Сүт өндүрүшүнүн  натыйжалуулугун жогорулатуудагы негизги маселе болуп ишканалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттырып, ички жана сырткы рынокто татыктуу орун алуу болуп эсептелет. Бул багытта Ош облусундагы эн көйгөйлүү  маселелерден болуп атаандаштыкка туруктуу келе турган долбоорлордун жоктугун жана ушундай долбоорлорду түзүүдө квалификациялык жардам берүүгө ылайыкташкан кеңеш берүүчү борборлордун жоктугун жергиликтүүөзүн-өзү башкаруу органдарынын бул багыттагы аракеттеринин аздыгы менен түшүндүрсө болот.

Дагы бир көйгөй жарата турган маселе жеке ишкерлер тарабынан жана мамлекеттик органдар тарабынан көп жылдардан бери ойго сиңип калган нерсе - бул алардын инвестицияны тартууда заманбап ыкмаларды колдонбогондугунда, б.а. эл аралык тажрыйбаларды колдонбой, ар кимдин бул багытта чыгармачылык изденүүгөболгон аракеттеринин аздыгында.

Дагы бир көйгөй Ош облусунда ортомчулук негизинде ишкерлердин инвестициялык фондун түзүүөтө начар абалда. Мунун себеби болуп ортомчулар ортосунда пикир келишпөөчүлүк бизнес тарабындагы этикалык эрежелерди сактабагандыктан жана объективдүү түрдө бизнестен түшкөн кирешелерди туура эмес бөлүштүрүп, пайданы акыйкатсыз бөлүүдөн болуп келе жатат.

Учурда  сүт азыктарын өндүрүүдө инновациялык жолдорду пайдалануу жана жаңы технологияларды колдонуу натыйжалуулукту жогорулатуудагы негизги маселелердин бири катары күн тартибинде турат. Ошондуктан бул багытты жандандыруу үчүн комплекстүү иш чараларды көрүү зарылчылыгы бар. Бул үчүн биринчи иретте ЕАЭБ, БСУ сыяктуу эл аралык уюмдардын талаптарын аткарууну айтсак болот, б.а. ири мүйүздүү малдардын ден-соолугун камсыздоодон баштап аларды идентификациялоо, чийки сүт өндүрүүдө жана өнөр жайда сүттү кайра иштетүүдөгү технологиялык ыкмаларды сактап, сапаттуу товарларды чыгаруу менен аларды тийиштүү лабораториялык сыноодон өткөрүү, заманбап логистикалык иш чаралар менен азык-түлүк

товарларын сактоо, транспорттоо, сырткы көрүнүшүн ар кандай жаңылоо жолдору менен эл аралык стандартка жооп бере турган деңгээлге жеткирүү болуп эсептелет.

Сүт азыктарын өндүрүүдөгү натыйжалуулукту көтөрүүдө негизги маселелердин бири болуп чыгымдарды ийгиликтүү башкаруу эсептелет. Муну эске алып, жумушта автор тарабынан сүттү кайра иштетүүчү ишканаларда алардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча чыгымдарды башкаруунун модели иштелип чыккан.(1-сүрөт).




1- сүрөт.- **Сүттү кайра иштетүүчү ишканаларда алардын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу позициясы боюнча чыгымдарды башкаруунун модели**

* Жеке изилдөөнүн негизинде түзүлгөн

Сунуш кылынган модель улуттук, аймактык жана ички өндүрүштүк факторлордун сүттү кайра иштетүүчү ишканалардын натыйжалуулугуна тийгизген таасирин эске алат, ресурстардын курамы жана түзүмүнүн өндүрүштүк процессте «кирүүсүн» жана сатуу процессинде алардын жыйынтыгынын трансформациясы «чыгуу» катары көрсөтө алат.

Башкаруу моделинин дагы бир артыкчылыгы катары сүт өндүрүүдөгү тармактардын өз ара байланышы жана кеткен чыгымдарды, кирешени жана пайданы акыйкаттуу бөлүштүрүү маселелери да каралган. Мисалы, изилдөөлөрдүн негизинде Ош облусунда сүт продукцияларын өндүрүүгө, кайра иштетүүгө жана сатууга кеткен эмгек чыгымдарынын негизги бөлүгү (85,0%) айыл-чарбасына туура келет, ал эми кайра иштетүү-10,0%, соода-5,0%ды түзөт.

Автордун оюу боюнча, жалпы натыйжалуулукту камсыз кылууда ар бир тармактын натыйжалуулугун жогорулатуу менен бирдикте тармактардын арасындагы байланыштардын натыйжалуулугун жогорулатуу маселелери эң маанилүү экендиги белгиленет. Мисалы, чийки сүттү кайра иштетүүнүн көлөмүн жок дегенде беш пайызга жогорулатканда жалпы натыйжалуулуктун ушундай эле катышта өсүүсүн байкасак болот.

Жумушта жалпы эле сүт азыктарын өндүрүүчүлөрдүн натыйжалуулугун жогорулатууда өндүрүүчүлөр менен, мамлекеттик органдар менен байланышын жакшыртуу чаралары да каралган. Тактап айтсак:

-Мамлекет тарабынан ири ассоциацияларды, кооперативдерди, коллективдик чарбаларды түзүүнү жөнгө салуу аркылуу асыл тукум уйларды багып өстүрүү;

-Ветеринардык-санитардык кызматты күчөтүү;

-Жайыт маселесин чечүү;

-Тоюттарды, малдарды, айыл-чарба техникаларын сатып алууда кредит берүү системасын уюштуруу;

-Сүттү сатып алуунун инфраструктурасынын ачык-айкын системасын түзүү;

-Ортомчусуз сүттү сатып алуу үчүн КРнын салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү;

-Сүттүөндүрүү жана аны кайра иштетүүнү мыйзамдаштыруу боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгуу;

-Уйларды жасалма жол менен уруктандыруу пунктун түзүү;

- Тоют базасын чыңдоо жана кайра иштетүү ишканаларына жеткизүүдө транспорт чыгымдарын азайтуу.

Учурдагы дагы бир маанилуу маселе бул ЕАЭБ түзүмүндөгү байланыштарды күчөтүү багытында төмөнкү иш чараларды аткаруу зарылдыгын белгилеп кетмекчибиз:

1. Чийки сүт өндүрүү жана аны кайра иштетүү боюнча биргелешкен кластерлерди уюштуруу;

2. Инвесторлорду тартуу менен сүт азыктарын өндүрүү боюнча биргелешкен заводдорду куруу, б.а. ЕАЭБ заводдорунун телчик ишканаларын ачуу;

3.Биргелешкен агрофирмалардын жана корпорациялардын жардамы менен ЕАЭБ жана ЕБ рыногуна тез кирүү;

4.ЕАЭБ өлкөлөрү тарабынан финансылык колдоонун негизинде мамлекет тарабынан ар түрдүү жардамдарды берүү;

5.ЕАЭБ ге интеграциялоодо бюджеттик окутуу үчүн квоталарды көбөйтүү, Россия, Казахстан, Белоруссиянын агрардык ЖОЖдорунда жана корпорацияларында студенттердин практикаларын өткөрүү.

## Корутунду жана сунуштар

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар даярдалды:

1.Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун көйгөйүн чечүүнүн багыттары жана формалары көп баскычтуу болуп саналат. Ошол себептен өндүрүштүн натыйжалуулугу түшүнүгү теориялык ой жүгүртүүнү жана анын аныктамасына толуктоолорду киргизүүнү талап кылат.

Биздин көз караш боюнча,өндүрүштүн натыйжалуулугуна жетүүнүн маңызы жана мазмуну башкаруунун ар бир деңгээлинде жана продукциянын баардык түрү боюнча экономикалык жана социалдык  пайдага жетүү болуп саналат. Ошол эле учурда белгилеп кетчү нерсе, натыйжалуулук түшүнүгү экономиканын өнүгүү деңгээлинин, адамдардын социалдык абалынын өзгөрүүсүнүн, рынок шартынын негизинде өзгөрүп туруусу мүмкүн.

2.Сүт продукциясын өндүрүү жана сатуунун натыйжалуулугу, башка продукциянын түрү сыяктуу алынган жыйынтык менен чыгымдардын катышы түрүндөөлчөнүп, белгилүү критерийлер жана көрсөткүчтөр менен бааланат. Бирок рыноктогу талап жана сунуштун негизинде жыйынтыкты продукциянын керектөөчүлөрүнүн таануу фактысын эске алуу менен  натыйжалуулуктун жалпы жана жеке көрсөткүчтөрүн аныктоого болот. Экономикалык натыйжалуулукту өлчөөдөгү методологиялык негиздерге өлчөөдөгү жалпы жана жеке көрсөткүчтөрдүн мүнөздөмөлөрү, абсолюттук жана салыштырмалуу маанилери, натыйжаны эсептөөдөгү мейкиндик жана мезгил координаттары да кирет. Жумушта мына ушундай түшүнүктөргө мүнөздөмө автордун көз карашы аркылуу берилген.

3.Сүт продукцияларын өндүрүү жана сатуу боюнча эл аралык тажрыйбаны изилдөө менен  чийки сүттүөндүрүүнү уюштуруунун, сүт продукцияларын кайра иштетүүнүн жана сатуунун прогрессивдүү формалары аныкталды. Биздин өлкөбүз үчүн сүт продукциясын өндүрүү жана сатуунун натыйжалуу уюштуруунун үлгү ала турган жагдайына төмөнкүлөрдү киргизсек болот: чийки сүттүн жетишээрлик деңгээлде өндүрүлүшү жана аны өнөр жайлык кайра иштетүү мүмкүнчүлүгү, мал чарбачылыгын өнүктүрүүүчүн тиешелүү жаратылыш-климаттык, тоют өндүрүү ж.б.у.с.шарттардын болушу, сүт азыктарын сатуу рыногуна алып чыгууга мүмкүнчүлүктүн болушу жана талаптын жогорку деңгээлде болушу ж.б.Ири мал чарбаларды түзүү жана өндүрүш процесси менен байланышта өндүрүштүк интеграция аркылуу сүт өндүрүшүн өнүктүрүүгө болот.

4.Сүт өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө менен Ош областында чийки сүттүөндүрүүнүн динамикасы акыркы беш жылда 9,8 %гаөскөнүн жана

областын дээрлик бардык райондорунда деңгээлдин жогорулаганын байкасак болотжана бул туруктуу өнүгүүнү айгинелеп турат.
Уйдун саны боюнча өсүү темпи 12,8 %ды түзсө, бир уйдан саалган орточо жылдык сүт боюнча 1,9 %га төмөндөгөн.
Ушул эле учурда айыл-чарба жана сүттү кайра иштетүүчүөнөр жай ишканалары менен бир жагынан, экинчиден өнөр жай ишканалары менен сооданын жана сүт азыктарын керектөөчүлөр менен байланыштар уюшулган деңгээлде эмес, чаржайыт боюнча калып келүүдө. Мындан тышкары өнөр жай ишканаларынын материалдык базасы, аларда колдонулган технология дале болсо заманбап талаптарга жооп бербегендиги аныкталды. Ушуга байланыштуу Ош облусунда бир дагы сүттү кайра иштетүүчү ишкана ЕАЭБ мейкиндигинде эркин сүт сатуучу ишкананын тизмесине кирген жок.Ушундан улам тышкы интеграциялык байланыштардын абалы начар бойдон калууда.

5.Сут азыктарын өндүрүүдөгү натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн ар бир тармактын (айыл-чарба, кайра иштетүү, соода ж.б.) натыйжалуулугун жогорулатуу зарыл жана алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн эске алып, бириккен иретте атаандаштыктын жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу керек. Бул максатта төмөнкү иш-чараларды аткаруу зарыл: мамлекет тарабынан ири ассоциацияларды, кооперативдерди, коллективдик чарбаларды түзүүнү жөнгө салуу аркылуу асыл тукум уйларды багып өстүрүү, ветеринардык-санитардык кызматты күчөтүү, жайыт маселесин чечүү, сүттү сатып алуунун инфраструктурасынын ачык-айкын системасын түзүү, сүттүөндүрүү жана аны кайра иштетүүнү мыйзамдаштыруу боюнча мамлекеттик программаны иштеп чыгуу,уйларды жасалма жол менен уруктандыруу пунктун түзүү, тоют базасын чындоо жана кайра иштетүү ишканаларына жеткизүүдө транспорт чыгымдарын азайтуу, ишканаларды заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу, өндүрүлгөн продукциянын сапаттын эл аралык стандарттарга туура келтирүү ж.б.

6. Автордун изилдөөсүнө ылайык,өнөр жай тармагында натыйжалуулукту жогорулатуу үчүн атайын иштелип чыккан жаны технологияны, уюштуруудагы инновациялык ыкмаларды, рынокту изилдөөдө суроо-талаптарды аныктоону киргизүүнү талап кылынганы айтылат. Ошондой эле өнөр жайдын материалдык базасын чындоо максатында инвестициялык жагымдуулукту түзүү маселеси да турат.

7.Сүттү кайра иштетүүчү ишканалардын натыйжалуулугун камсыз кылуу үчүн заманбап, Кыргызстандын жана анын региондорунда чарба жүргүзүү шартына туура келген чыгымдарды башкаруунун инструменттерин жана ыкмаларын колдонуу зарыл. Ал үчүн колдонулуп жаткан чыгымдардын эсеп системасын, пландаштырууну жана анализдөөнүөркүндөтүү керек.

Сүттү кайра иштетүүчү ишканалардын натыйжалуулугун камсыз кылуучу факторлордон болуп туура түзүлгөн чыгымдарды башкаруунун модели эсептелинет.Чыгымдардын үнөмдүүлүгүн жана натыйжалуулугун рационалдуу бириктирүүүчүн сүттү кайра иштетүүчү ишканалардын чыгымдарын башкаруу модели туура түзүмгө ээ болушу керек. Чыгымдарды башкаруунун логикалык түзүмүүч өз ара байланышкан деңгээлден турат.

**Тема боюнча жарык көргөн эмгектер:**

1. Батыр уулу А. Повышение конкурентоспособности агропромышленного комплекса Кыргызстана на основе кластерного подхода. [Текст] / Батыр уулу А., Момунов У. // Известия ВУЗов,- 2014.-№10.-С. 161-164
2.Батыр уулу А. Экономическая сущность эффективности молочного производства в условиях рыночной экономики [Текст] / Батыр уулу А. // Известия ВУЗов,- 2014.- №9.-С. 137-139.
3.Батыр уулу А. Сүт ондүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун теориялык-методологиялык негиздери [Текст] / Батыр уулу А., Токтомаматов К.Ш. // Экономика, -2014.-№ 4.-С. 82-87.
4.Батыр уулу А. О мерах по стабилизации роста производства молока [Текст] / Батыр уулу А. // Экономика, -2015.- №1.-С. 54-57.
5. Батыр уулу А. Методика определения экономической эффективности производства в молочном скотоводстве [Текст] / Батыр уулу А. // Экономика, -2015.-№2.-С. -30-34.
6. Батыр уулу А. Особенности и направления развития сельскохозяйственной кооперации в Кыргызстане [Текст] / Батыр уулу А.,Эшалиева Н.Д. // Проблемы агрорынка,-Алматы, 2015.-№2.-С. -93-98.
7. Батыр уулу А. Перспективы участия КР в продовольственном рынке Евразийского экономического союза [Текст] / Батыр уулу А., Абдиев М., Момунов У. // Наука. Образование.Техника, -2015.-№2 .-С. 157-160.
8. Батыр уулу А. Кыргыз Республикасында сүт азыктарын кайра иштетуунун абалы жана келечеги [Текст] / Батыр уулу А. // Известия Ош ТУ, -2015.-№1.-С. 87-91.
9. Батыр уулу А. Ош областында сүт өндүрүүнүн өнүгүшүнүн деңгээлин анализдөө жана баалоо [Текст] / Батыр уулу А. // Известия Ош ТУ, -2015.-№ 2.-С. 56-60
10.Батыр уулу А. Отечественный и зарубежный опыт производства молока [Текст] /Батыр уулу А.//«ALATOO ACADEMIC STUDIES» Университета Ататюрк-Алатоо, -2015.-№ 1.-С.
11. Батыр уулу А. Состояние и перспективы развития агропродовольственного сектора Кыргызской Республики в условиях ЕАЭС [Текст] / Батыр уулу А.,Ташбаев А., Момунов У. // Экономика и предпринимательство»,-Москва, 2016.- №3(ч.1)-С.-384-389.
12.Батыр уулу А. Состояние и пути увеличения производства молока и молочной продукции в КР [Текст] /Батыр уулу А., Осмоналиева Д. //«Проблемы экономики и менеджмента, -Ижевск,2016.-№8.-С.22-28.

**Батыр уулу Алтынбектин 08.00.05-экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн « Сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу жолдору (Кыргыз Республикасынын Ош облусунун мисалында)» деген темада даярдаган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр**: өндүрүштүн натыйжалуулугу, сүт өндүрүшү, сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугу, сүт кластери, сүт рыногу, сүт өндүрүшүндөгү кооперация.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Ош облусунун сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунуөркүндөтүү боюнча усулдук жоболорду жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** сүт өндүрүшүндөгү айыл-чарба товар өндүрүүчүлөрү (Д(Ф)Ч, ЖЖКЧ, АЧК) кайра иштетүү жана тармакты камсыз кылуучу ишканалар.

**Изилдөөнүн предмети**: Ош областында сүт өндүрүшүнүн өнүгүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун уюштуруучулук-экономикалык негиздерин жана рыноктук механизмдерин өркүндөтүү эсептелет

**Изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негизин** экономикалык илимдин классиктеринин эмгектери, изилденүүчү көйгөй боюнча ата-мекендик жана чет өлкөлүк белгилүү окумуштуулардын эмгектери, сүт тармагы боюнча чарбалык субьектилердин ишмердүүлүгүн жана мамилелерин жөнгө салуучу республиканын мыйзам актылары жана нормативдик документтери, сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча автордун жеке изилдөөлөрү түздү.

Илимий иште изилдөөнүн ар түрдүү ыкмалары колдонулду: аналитикалык, экономика-статистикалык, монографиялык, эсептик-конструктивдик жана салыштырма ыкмалар.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугунун түшүнүгү жана өзгөчөлүгү такталып, экономикалык натыйжалуулукту баалоонун өркүндөтүлгөн көрсөткүчтөрү сунушталды; сүт продукциясын өндүрүү, кайра иштетүү жана сатуу боюнча чет өлкөлүк тажрыйбаларды изилдөөнүн негизинде аларды Кыргызстандын практикасында колдонуу мүмкүнчүлүгү аныкталды; сүт өндүрүшүнүн учурдагы абалын изилдөө менен аны өндүрүү жана кайра иштетүү, сатуу чөйрөсүнө экономикалык баа берилди; сүт өндүрүшүндөгү илимий техникалык прогресс жана инновациянын экономикалык натыйжалуулугу аныкталды; сүттү кайра иштетүүчү ишканалардын чыгымдарын башкарууну өркүндөтүү жолдору сунушталды; Бажы Биримдигине интеграциялоо шартында Кыргыз Республикасында сүт өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн келечеги сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жыйынтыгынын практикалык мааниси Ош облусунда жана башка аймактарда сүт өндүрүшүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну өнүктүрүүнүн приоритеттүү багыттарын аныктоодо жана талдоодо колдонулушу менен аныкталат. Диссертациянын негизги методикалык жана практикалык жоболору экономика адистиги боюнча кадрларды даярдоодо жогорку окуу жайлардын окуу процессинде «Айыл-чарбасынын экономикасы» , “Макроэкономика”, “Маркетинг” предметтеринде колдонсо болот.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертационной работы Батыр уулу Алтынбека на тему «Пути повышения эффективности молочного производства (на материалах Ошской области Кыргызской Республики)» представленной на соискание ученой степени кандидата экономических наук по специальности 08.00.05 -экономика и управление народным хозяйством**

**Ключевые слова**: эффективность производства, молочное производство, эффективность молочного производства, молочный кластер, рынок молока, кооперация в молочном производстве.

**Основная цель диссертационной работы:** разработка методичесих положений и практических рекомендаций по развитию повышения эффективности молочного производства Ошской области.

**Объект диссертационного исследования:** производители сельхозтоваров в молочном производстве (К(Ф)Х, ЛПХН, СХК), перерабатывающие предприятия и обеспечивающие отрасль предприятия.

**Предмет исследования**: развитие организационно-экономических основ и рыночных механизмов повышения эффективности развития молочного производства в Ошской области.

**Теоретическую и методологичсекую основу исследования** составили труды классиков экономической науки, труды известных отечественных и зарубежных ученых по исследуемой проблеме, законодательные акты и нормативные документы республики, регулирующие деятельность и отношения хозяйственных субъектов по молочной отрасли, личные исследования автора по повышению эффективности молочного производства.

В научной работе использованы различные методы исследования: аналитический, экономико-статистический, монографический, счетно-конструктивный и сравнительный методы.

**Научная новизна исследования:** уточнены понятие и особенность эффективности молочного производства, рекомендованы прогрессивные показатели оценки экономической эффективности; на основе исследования зарубежного опыта по производству, переработке и реализации молочной продукции определена возможность его применения на практике Кыргызстана; на основе исследования современного состояния молочного производства дана экономическая оценка его производству, переработке и реализации; выявлены научно-технический прогресс в молочном производстве и экономическая эффективность инновации; рекомендованы пути развития управления расходами молокоперерабатывающих предприятий; рекомендована перспектива развития молочного производства в Кыргызской Республике в условиях интеграции в Таможенный Союз.

**Практическая значимость исследования:** Практическая значимость исследования определяется его применением в определении и анализе приоритетных направлений развития повышения эффективности молочного производства в Ошской области и других регионах. Основные методические и практические положения диссертации могут быть использованы в учебном процессе вузов при изучении предметов “Экономика сельского хозяйства”, “Макроэкономика”, “Маркетинг” в подготовке кадров по экономическим направлениям.

## REZUME

**thesis Baatyr uulu Altynbek on "Ways to improve the efficiency of milk production (on an example of the Osh region of the Kyrgyz Republic)", presented for the degree of candidate of economic sciences on specialty 08.00.05 - Economy and management of a national economy**

**Keywords:** production efficiency, milk production efficiency of dairy production, dairy cluster dairy market, cooperation in the dairy industry.

**The main purpose of the research:** the development of methodological guidelines and practical recommendations to improve the milk production of Osh oblast.

**The object of the research:** dairy production enterprises, agricultural producers represented by (C (O) X, LPHN), processing and service companies in the sector

**Subject of research:** improving the organizational and economic principles and market mechanisms to improve the efficiency of milk production in the Osh region.

**Theoretical and methodological basis of the research** were the works of classical economics, the work of leading domestic and foreign scientists on the researched topic, laws and regulations of the Republic, regulating the relations and activity of the subjects of the dairy industry, as well as the author's own research on the problems of increasing the efficiency of milk production. We used the analytical, economic and statistical, monographic, settlement and constructive and comparative research methods

**Scientific novelty of research:** refined concepts and specific features of the efficiency of milk production and an improved performance assessment of their economic efficiency; based on the study of international experience in the production, processing and marketing of dairy products revealed the possibility of their use in the practice of Kyrgyzstan; based on a study of the current state of milk production given the economic evaluation of the development of its production, processing and the scope of implementation; identified scientific and technological progress and economic efficiency of innovations in dairy production; It suggests ways to improve cost management in molokopererabatvayuschih enterprises; offered prospects for the development of dairy production of the Kyrgyz Republic in terms of integration into the Customs Union.

**The practical value of the research** is to use them in identifying and analyzing the development of priority directions of increase of efficiency of dairy production in the Osh region and other regions. The main methodological and practical provisions of the dissertation can be used in the educational process of higher educational institutions in training for Special and economic subjects "Economics of Agriculture", "Macroeconomics" and "Marketing"

Басууга берилди  26.10.2017ж.
Форматы 60х84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Буйуртма №05288Нускасы 100 даана

Ош ТУ нун редакциялык-басма  бөлүмүндө даярдалды
Ош шаары, Н.Исанов көч. 81